**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**

**“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**14-август 2024-жыл № 3** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу 1-Май айылынын Боз участкасындагы 0,40га жер аянтына бала бакча куруу жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 13.08.2024-жыл № 01-17/772 сандуу катындагы, Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу 1-Май айылындагы Боз участкасына Балдар бакчасын курууга жана элдердин турмуш шартын жеңилдетүү жана ошондой эле иш орду менен камсыз кылуу үчүн, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы “Жер участокторун которуу (тарнсформациялоо) жөнүндө № 145 сандуу Мыйзамынын 12 беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы № 169 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (тарнсформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу Жобого” негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн 1-Май айылынын Боз участкасындагы мамлекеттик менчиктеги № 1197 контурунда жайгашкан 0,40 га “Айыл чарба багытындагы” жерлер категориясынан “Калктуу конуш жерлерине которуу” жана (Социалдык объекти бала бакча) курууга жана трансформациялоого макулдук берилсин.
2. Аталган жерлердин категориясын которууга (трансформациялоого) тийиштүү болгон иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Акматкуловко милдеттендирилсин.
3. Аталган жерди которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жагы райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
4. Жер участкасы муниципалдык менчикке кабыл алынсын жана бала бакча курууга макулдук берилсин.
5. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.
6. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Ураимовага милдеттендирилсин.
7. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**